**УДК 37.091** *https://doi.org/10.56122/..v2i2.214*

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ БАЛДАРДЫ МЕЙКИНДИКТЕ БАГЫТ АЛУУ ЖӨНДӨМҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ИНОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ ЫКМАЛАРЫ

# МЕТОДЫ ПРИМЕНЕНИЯ ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ФОРМИРОВАНИИ И РАЗВИТИИ У ДЕТЕЙ НАВЫКОВ ПРОСТРАНСТВЕННОЙ ОРИЕНТАЦИИ В ДОШКОЛЬНОМ МАТЕМАТИЧЕСКОМ ОБРАЗОВАНИИ

# METHODS OF APPLYING INNOVATIVE TECHNOLOGIES IN THE FORMATION AND DEVELOPMENT OF CHILDREN'S SPATIAL ORIENTATION SKILLS IN PRESCHOOL MATHEMATICAL EDUCATION

***Абдывасиева З.***
***Ош МПУ. П.и.к. доцент.***
**Zyrapaa1955@gmail.com**
***ORCID: https://orcid.org/0009-0009-7233-4994***
***Ырысбаева А.А. Окутуучу***
***Асанова Динара Абдиллаевна магистрант***

**Аннотация.** Илимий макалада мектепке чейинки математикалык билим берүүнүн сапатын жакшыртуу маселелеринин жалпы контекстинде мектепке чейинки ар кандай курактагы балдардын математикалык билим берүүдөгү эң негизги түшүнүк болгон мейкиндикте багыт алуу жөндөмүн калыптандыруу жана өнүктүрүү каралды. Изилдөөлөр балдарда өз денесинин бөлүктөрүн айырмалоо көндүмдөрүнүн калыптануусу, аларда мейкиндикти жана мейкиндиктик катыштарды түшүнүүнүн негизи болору баса белгиленип жана ар бир куракта бала өзүнүн денесине карата мейкиндикте багыт алуусун үйрөтүүнүн ыкмалары каралды. Айлана-чөйрөдө өзүнөн, башка адамдардан, башка предметтерден туура багыт алуунун ар кандай ыкмалары көрсөтүлдү жана ага карата дидактикалык оюндардын түрлөрү сунушталды. Ошондой адабий чыгармаларды каармандардын мейкиндиктик катыштарды сүрөттөө менен театрлаштыруу, б.а. балдар адабиятын мейкиндикеги катыштарды аныктоо көндүмүн тереңдетүү максатында колдонуу көрсөтүлдү. Кийинки маанилүү багыт – ар кандай курактагы тайпадагы балдарга тегиздикте жана мейкиндикте багыт алууну үйрөтүү. Мында тегиздикте жана мейкиндикте багыт алуунун үйрөтүүнү 4 этапка бөлүп каралды. Ар кандай көнүгүүлөр жана дидактикалык оюндар сунушталды. Тегиздикте жана мейкиндикте багыт алуу көндүмүн тереңдетүү максатында даярдоо тайпасындагы балдар үчүн бир нече өз алдынча иштер сунушталды. Балдарга мейкиндикте багыт алууну жасалма инттеллекти колдонуп окутуу ыкмасы да иштелип чыгылды.

**Түйүндүү сөздөр:** курактагы балдар, жөнөкөй математикалык түшүнүктөр, мейкиндикте багыт алуу, айлана чөйрө, өзүнө карата багыт алуу.

**Аннотация.** В научной статье рассмотрены формирование и развитие у детей дошкольного возраста способности ориентироваться в пространстве, что является основным понятием в математическом образовании в общем контексте вопросов улучшения качества дошкольного математического образования. В исследованиях подчеркивалось, что у детей формируются навыки различения частей собственного тела, которые будут иметь фундаментальное значение для понимания пространства и пространственных соотношений, и были рассмотрены методы обучения ребёнка пространственной ориентации по отношению к своему телу в каждом возрасте. Были показаны различные приемы правильного ориентирования в окружающей среде от себя, других людей, других предметов и предложены различные виды дидактических игр по этому поводу. Также было показано театрализованное использование литературных произведений с описанием пространственных соотношений персонажей, то есть использование детской литературы с целью углубления навыков определения пространственных соотношений. Следующая важная область - научить детей всех возрастных групп ориентироваться на плоскости и в пространстве. При этом обучение ориентированию на плоскости и в пространстве было разделено на 4 этапа. Предлагаются различные упражнения и дидактические игры. Для детей подготовительной группы было предложено несколько самостоятельных занятий с целью углубления навыков ориентирования на плоскости и в пространстве. Также был разработан метод обучения детей пространственной ориентации с использованием искусственного интеллекта.

**Ключевые слова:** дети разного возраста, простые математические понятия, ориентация в пространстве, окружающая среда, ориентация по отношению к себе.

**Annotation.** The scientific article examines the formation and development of preschool children's ability to navigate in space, which is the main concept in mathematical education in the general context of improving the quality of preschool mathematical education. The research emphasized that children develop skills to distinguish parts of their own body, which will be fundamental to understanding space and spatial relationships, and methods of teaching a child spatial orientation in relation to his body at each age were considered. Various techniques of correct orientation in the environment from oneself, other people, and other objects were shown and various types of didactic games on this subject were proposed. It also showed the theatrical use of literary works describing the spatial relationships of characters, that is, the use of children's literature in order to deepen the skills of determining spatial relationships. The next important area is to teach children of all age groups to navigate on the plane and in space. At the same time, the training in orientation on the plane and in space was divided into 4 stages. Various exercises and didactic games are offered. For the children of the preparatory group, several independent classes were offered in order to deepen the skills of orientation on the plane and in space. A method of teaching children spatial orientation using artificial intelligence has also been developed.

**Keywords**: children of different ages, simple mathematical concepts, orientation in space, environment, orientation towards oneself.

**Киришүү** Мектепке чейинки жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү келечектеги баштапкы жана негизги математикалык билим берүүнүн негизи болору белгилүү. Учурда мектепке чейинки билим берүү, айрыкча математикалык билим берүү маселелери актуалдуу болуп саналат. Ага карата МЧЧБУндарында усулдук колдонмолордун, же окуу куралдарынын жоктугу өкүндүрөт. Биз мектепке чейинки математикалык билим берүүдө балдарды мейкиндикте багыт алуу жөндөмүн калыптандыруу жана өнүктүрүүнүн кээ бир ыкмаларын изилдеп көрсөтүүгө аракеттендик.

Мейкиндик – кандайдыр бир конструкциялык түзүүлөр аткарыла турган чөйрө катары пайдаланылуучу, логикалык ой жүгүртүү менен алынган форма (структура). Мисалы, элементардык геометрияда мейкиндик же тегиздик ар кандай фигура түзүлө турган чөйрө болуп эсептелет. Ал эми *мейкиндикке багыт алуу* - мейкиндикте кандайдыр бир тандалган багытка карай бет алуу [1.] .

Азыркы мезгилдеги окумуштуулардын педагогика-психологиялык изилдөөлөрү жана МЧББ мекемелеринин көп жылдык тажрыйбаларынан, балдарды мектепке чейинки куракта мейкиндик чөйрөсүндөгү маалыматтарды өздөштүрө алууга жана аларды жашоонун түрдүү шарттарында колдонгонго үйрөтсө болот деп корутунду чыгарышууда.

**Мейкиндикте багыт алуу үчүн бала төмөндөгүлөрдү билүүсү керек:**

1.Ар кандай курактагы балдарды өзүнүн денесин мейкиндик багыттын башталышы катары эсептегенди үйрөнүүсү;

2.Айлана-чөйрөдө өзүнөн, башка адамдардан, башка предметтерден туура багыт алганды үйрөнүүсү;

3. Тегиздикте багыт алганды (баракта, бетте, клеткалуу кагазда, сызыкта ж.б.) үйрөнүүсү;

4.негизги мейкиндикте багыт алганды үйрөтүү [2.]

*<u>1Ар кандай курактагы балдарды өзүнүн денесин мейкиндик багыттын башталышы катары эсептегенди үйрөтүү.</u>*

Изилдөөлөр балдарда өз денесинин бөлүктөрүн айырмалоо көндүмдөрүнүн калыптануусу, аларда мейкиндикти жана мейкиндиктеги катыштарды түшүнүүнүн негизи болору далилдеди. Бул өзгөчөлүктү эске алуу менен, кичинекей кезинен баштап балдарды дененин бөлүктөрүн так айырмалоого жана атаганга үйрөтүү б.а. көздөр, кулактар, мурду, башы, буттары, колдору, аларды кандай милдеттерди аткараары менен тааныштыруу өтө маанилүү. Өз денесинин түзүлүшүн билүү процесси чоңдордун жардамы менен ишке ашат. Жуунуу жана кийинүү учурунда, чоң адам, балдар менен сүйлөшүп, дененин бөлүктөрүн атайт: “колуңду, мурдуңду, кулагыңды жуу”, “Башыңа жоолук сал”, “Мойнуңа шарф байла”. Эң негизгиси баланын өзүнүн денесинин бөлүктөрүн атоо сезимин ойготуу керек.

Куурчактар менен атайын уюштурулган оюндар (куурчакты жуунтуу, уктоого жаткыруу, кийинтүү) менен балдарда мейкиндиктик түшүнүктөрүн жетишээрлик даражада тереңдетүүгө болот.

Балдар менен иштөөдө өзүнүн оң жана сол колун, оң жана сол бөлүктөрүн айырмалоого өзгөчө көңүл буруу керек. Оң жана сол колун айырмалоо жөндөмүн үйрөтүп жатканда, жупташуу принциптерин сактоо жана алардын ар биринин типтүү мүнөздүү иш-аракеттерине таянуу зарыл.

Мисалы, бала оң колунда карандаш кармап, дептер жылып кетпеши үчүн сол колу менен аны кармайт; тамактанууда оң колу менен кашык кармап, сол колу менен нандын бир бөлүгүн кармайт.

Өзүнө карата багыттарды (жактарды) айырмалоо көндүмүн калыптандыруу үчүн атайын көнүгүүлөр колдонулат. Мисалга алсак, тарбиячы балдарга оң колун оң көзү, кулагына, тизесине, ал эми сол колун – сол кулакка, көзгө тийгизүүнү, адегенде сол буту менен, анан оң бүтү менен полду тепкилөөнү ж.б. сунуш кылат.

Оң жана сол колун айырмалоо жана атаганга үйрөнүү процессинде өзүнүн жактарын өз алдынча аныктоо жөндөмүн өнүктүрүүгө көп көңүл бурулат: баш – жогору жакта, буттары – төмөн жакта, далысы - артка, бети - алдыда, сол колу - сол жагында, оң колу - оң жагында.

Мындай көнүгүүлөрдү аткарууда балдар жана тарбиячы бети менен бир тарапта болгондой отуруусу же туруусу керек. Көнүгүүлөрдүн узактыгы үч-беш мүнөттөн ашпоосу керек.

Түшүнүктөрдү бышыктоо чөгөлөө, бурулуу, колдорун көтөрүү, баштарын ийкөө сыяктуу ж. б. музыкалык ишмердүүлүктөрдө, дене тарбия сабактарында жүзөгө ашат.

Мектепке чейинки курактагы улуу тайпадагы балдарга адамдын денеси татаал ички түзүлүшкө ээ болору жөнүндө түшүнүк берилет. Анатомиялык атласты колдонуп, адамдын канча жана кандай органдары бар экендигин, алар кайда жайгаштырылгандыгын көрсөтүлөт. Мисалы, жүрөк көкүрөктө жайгашкан, ал согот, угууга болот; өпкө – дем алуу органы, эки бөлүктөн турат; сөөктөр – ар кандай формада жана өлчөмдө ж. б.

“Өзүнө” багыт алуу системасын үйрөнүү үчүн эсептөө башталышы баланын өзү болгону максаттуу. Алгачкы этаптарда балдарга карама-каршы багытта турган эки гана нерсенин жайгашышын аныктоого (алды-арты, сол-оң, жогоруда-төмөндө) көнүгүүлөр сунушталат. Бара-бара объектилердин саны көбөйөт. Объектилер бала барып кармай (тийе) ала турган жакын аралыкта жайгаштырылат. Андан ары аралык чоңоё баштайт. Ал үчүн “Эмне кайда жайгашкан?”, “Коңгуроо кагылган жерде”, “Эмне өзгөрдү?”, “Жандуу домино” жана башка дидактикалык оюндары колдонулат.

Баланын объектилердин жайгашкан жеринин салыштырмалуулугун түшүнүүсү үчүн, ага $90^0$, $180^0$ бурулуу сунушталат. *Ортоңку тайпадагы* балдарга алыс аралыкта жайгашкан төрт-алты объектини табуу үйрөтүлөт. Балдар объектилер алардан кайсы багытта жайгашканын аныктоону гана эмес, ошондой эле аталган кырдаалды өз алдынча түзүүнү үйрөнүшөт. “Столдун алдыңда, шкафтын артыңда боло тургандай тур; эшик сенин сол жагында, ал эми терезе оң жагыңда болсун” ж.б.у.с.

“Өзүнөн” багыт алуудан тышкары, балдар башка объектилерден багыт алууну үйрөнүшөт. Ар кандай нерселерден багыт алууну үйрөнүү, бул демек, каралып жаткан объектинин ордуна өзүнү коюуну үйрөнүү болуп саналат. Ал үчүн ар кандай ыкмаларды колдонуу каралат:

- дидактикалык сүрөттөрдү кароо жана андагы буюмдардын жайгашуусун айтып берүү;
- адабий чыгармаларды каармандардын мейкиндиктик катыштарды сүрөттөө менен театрлаштыруу, б.а. балдар адабиятын мейкиндикеги катыш боюнча көндүмүн тереңдетүү максатында колдонуу каралган [3];
- жайгашкан жерлерди, нерселерди жана багыттарды аныктоо оюндары: “Эмне алдыда, эмне артта?”, “Эмне кайда?”, “Эмне өзгөрдү?”.

Аталган түшүнүктөрдү жасалма интеллектердин бир канча программаларын колдонуп мисалдарды төмөндөгүчө колдонууга болот.

✓ Scratch менен интерактивдүү оюн түзүү

Мисалы:
Оюн: "Кирпи жемиш жыйнайт"
Балдар кирпини багыттоо аркылуу мейкиндиктеги түшүнүктөрдү үйрөнүшөт: “Алдыга 3 кадам, анан оңго 2 кадам” сыяктуу тапшырмалар берилет.
Scratch программасы аркылуу ушул оюнду иштеп чыгууга болот, ал эми ЖИ элементтери баланын оюндагы аракеттерин анализдеп, кийинки деңгээлдерди татаалдаштырып берет.

2. *Айлана-чөйрөдө өзүнөн, башка адамдардан, башка предметтерден туура багыт алганды үйрөнүүсү;*

Өзүнөн, ар кандай объекттилерден багыт алуу балага мейкиндиктеги катыштардын, тактоочтордун ичинде, үстүндө, астында, артында, алдында, ортосунда, капталында, четинде, тескерисинче, жанында ж.б. маанисин түшүнүүгө өбөлгө түзөт жана баланын мейкиндиктик катыштар жөнүндө билим деңгээлинин көрсөткүчү катары кызмат кылат.

Жаш кезинен баштап, ар кандай ишмердүүлүктөрдү колдонуп, тайпалык бөлмөдөгү, участоктогу буюмдардын жайгашуусун багыттоону үйрөнүшөт, бала колдонгон буюмдарынын, оюнчуктарынын, материалдарынын жайгашкан жери менен таанышышат. Балдар буюмдардын жайгашуу жана сактоо тартибине үйрөтүлөт. Кичинекей балдар жакынкы чөйрөдөгү (уктоочу бөлмө, дааратканa, чечинүүчү бөлмө) тааныш жана керектүү объектилердин жайланышы менен таанышат. Буюмдардын кайсы жерде жайгашуусун аныктоону жасалма интеллектин жардамында көрсөтөлү.

✓ ChatGPT чатботу менен тилдик мейкиндик түшүнүктөрүн үйрөнүү

Мисал:

- Балдарга интерактивдүү суроолор берилет:
- Чатбот: “Топ кайда? Үстүндөбү же астындабы?”
- Бала: “Астында”
- Бул аркылуу балдар мейкиндиктеги негизги түшүнүктөрдү тилдик түрдө өздөштүрөт.

Айлана-чөйрөдө өзүнөн, башка адамдардан, башка предметтерден туура багыт алганды үйрөтүү үчүн атайын оюндар колдонулат: “Саякат”, “Менин эмнени айтканымды көрсөт”, “... чейин жет” ж.б.

*Ортоңку курактагы* балдар бакчадагы медайымдын, башчынын кабинетинин жайгашуусу менен таанышышат. “Саякат” жасап отурушуп мектепке чейинки мекеменин музыкалык, дене тарбия залына, огородго, группанын аянтчасына барууга үйрөнүшөт.

*Улуу тайпадагы* балдар сейилдөө учурунда почта, дарыкана, мектепке экскурсияга барышат. Экскурсияларды, сейилдөөлөрдү уюштурууда чоңдор көчөлөрдүн аталыштары, кыймылдын багытына, байкалган нерселерге көңүл бурдуруп, балдардын сезимине жеткирип турат. Бала бакчанын сыртына чыгууда жол эрежелери менен тааныштырууга да шарт түзүлөт.

Балдарда мейкиндикте багыт алуу көндүмү ар кандай ишмердүүлүктү, режимдик процесстерди аткарууда калыптанат; көбүнчө ориентациянын ар кандай түрлөрү “бала менен бирге жашайт” б.а. баланын жашоо процессинде ар дайым колдонулуп турат [4.].

*3. Тегиздикте багыт алганды (баракта, бетте, клеткалуу кагазда, сызыкта ж.б.) үйрөнүүсү (3-6 жаш);*

*1-этап (3 – 4 жаш).* Алгач балдарга кагаздын сол (оң) бөлүгү кайда-деп үйрөтүлөт. Сол колуңду баракчанын сол бөлүгүнө, ал эми оң колуңду оң бөлүгүнө коюу сунуш кылынат.

*Көнүгүүлөрдүн түрлөрү*: 1 топчуну солго, ал эми көп топчуну – оңго, нерселерди солдон оңго карай жайгаштыруу сунушталат. Андан кийин барактын жогору, ылдый жагында эмнени билдирерин көрсөтүп, андан кийин жогоруда – бул сенден алысыраак, ылдыйда – сага жакыныраак болот – деп түшүндүрүлөт. *Тапшырма:* жогоруга козу карындарды, ал эми төмөнгө – балатыны жайгаштыруу сунушталат.

*2 – этап (4-5 жаш).* Көнүгүү түрлөрү:

- белгилүү бир сандагы объектилерди жайгаштыруу оңдон (солго, жогору, төмөн)
- тегиздикке оймолорду түзүү.

Варианттар:

а) тарбиячы кайсы буюмдарды кайсы жерге коюуну айтып берет;
б) балдарга даяр карточка берилет жана балдар аны баяндашат;
в) балдар оймо-чийме ойлоп таап, аны баяндап беришет.

Педагог тегиздикте объектинин жайгашышын түшүндүрүүдө, аны (мисалы: үч бурчтуктун жогору жагында; тегиздиктин төмөн жагына) эмнеге салыштырмалуу жайгашышын айтып туруусу зарыл.

*Суроолор:* барактын жогору жагында (ылдый, сол, оң) эмне бар? Үч бурчтук кайда?

*Оюндар*:

-“Өз үйүңдү тап” (балдар өзүнүн оймосунда жок болгон “үйүн” издешет),

-“Түгөй карточкалар” (бир эле нерсенин сүрөттөрү мейкиндикте түрдүүчө жайгаштыруу; бирдей карточкаларды табуу керек).

-Апликациядан оймолорду-сүрөттөрдү түзүүгө болот (открыткалар, үйчөлөр, этекчелер ж.б.).

*3-этап* (5 – 6 жаш).

Балдарга татаалдашкан көнүгүүлөр жана оюндар сунушталат. Бурчтарда жайгашкан оймо-чиймелер, көп сандагы объектилер колдонулат. Балдар “жогоруда сол жактагы бурч” (төмөнкү оң жактагы бурч), эгер нерсе жогору жана оң жакта болсо, анда аны “жогорку оң бурчта” – деген сыяктуу татаал мейкиндиктик багыттар түшүндүрүлөт. Түстү колдонууда, карточканын жогору жагын бир

түстөгү тилке менен, карточканын оң жагын башка түстөгү сызыктар менен штрихтегиле, кесилишинде жогорку оң бурч алынат-деп баяндалат. ЖИ платформалары менен автоматташтырылган оюндарды колдонуу

Мисал:

- ✓ ABCmouse.com платформасы.

Мында балдар интерактивдүү оюндар аркылуу мейкиндиктеги түшүнүктөрдү (сол, оң, жогорку, төмөнкү) практика кылып үйрөнүшөт. ЖИ аркылуу программа баланын деңгээлин баалап, индивидуалдуу тапшырмаларды сунуштайт.

*Көнүгүү:* “Кагаздагы клеткаларга оймо чиймелерди түзүү. Алгач даярдык көнүгүүлөрү жүргүзүлөт:

- кагазга көрсөтүлгөн жерге чекит койгула (мисалы, жогору жагынан 3 клетка жана сол жактан 2 ),

- көрсөтүлгөн багытта белгилүү бир узундуктагы сызык сызгыла (мисалы, солдон оңго карай 3 клетка).

Андан кийин тарбиячы балдарга алдын-ала ойлонулган симметриялуу болгон үлгү көрсөтөт.

<u>*4.Негизги мейкиндикте багыт алганды үйрөтүү [2.]*</u>

*4 этап* (5 – 6 жаш).

Балдарга үч өлчөмдүү мейкиндиктен эки өлчөмдүү мейкиндикке жана тескерисинче (трансформациялоого) өтүү үйрөтүлөт, б.а. балдарга схема, план түзүп, андан кийин үч өлчөмдүү мейкиндиктеги объектилерди табууга, схемага басым жасоо үйрөнүшөт. Аларды ЖИнин жардамында визуалдаштырып көрсөтөлү.

- ✓ AR колдонуу (Augmented Reality - кошумча реалдуулук)

Мисал:

- ✓ QuiverVision тиркемесин колдонуу: Балдар мейкиндиктеги объекттерди туура жайгаштыруу тапшырмаларын аткарат.

Тапшырма: "Жылдыздарды жогору кой, ал эми гүлдөрдү төмөн кой." Телефон же планшет аркылуу балдар бул тапшырмаларды аткарат.

*Даярдоо көнүгүүлөрү*: балдар шарттуу белгилер менен таанышышат. Андан кийин балдарга даяр шарттуу белгилер сунушталат, алар 3 өлчөмдүү мейкиндиктеги объектилердин жайгашуусуна ылайык белгилер боюнча кагазга жайгаштырышы керек.

*Негизги көнүгүүлөр*:

- бөлмөдө же слайдда жайгашкан шарттуу белгилердин жардамы менен схемага объектилерди тартуу,

- даяр схема боюнча объектилерди жайгаштыргыла.

*Оюндар:* “Куурчактарды бөлмөгө жайгаштыр”, “Дизайнер”, “Сырды аныкта”, “Чалгынчылар”, “Жашырылгандарды тап”. (Сыр катылган жерди жылдызча менен белгиле, жебелер менен бара турган маршрут көрсөтүлөт. 2 команда ойнойт, тапшырма кимдин тез табуусу) [4]. Бул оюндарды төмөндөгү программалардын жардамында көрсөтөлү.

- ✓ Robot Mouse программасы менен робототехника

Мисал: - Программаланган чычканды (Robot Mouse) лабиринттен чыгарып, ар кандай мейкиндиктеги тапшырмаларды чечүү.

- Балдарга: "Чычканды оңго 3 кадам жылдыр, андан соң алдыга 2 кадам.

Мектепке даярдоо тайпаларында мейкиндиктеги катыштар калыптангандан кийин төмөндөгү сыяктуу өз алдынча иштерди уюштуруу менен алардын мейкиндиктик катыш боюнча билимдерин тереңдетүүгө болот

а) Оң жактын жогорку жагындагы үчүнчү турган квадратты жашыл менен боё жана анын астына күчүктүн канча буту болсо, ошончо таякчаны чий; эң кичине тегеректи сары карандаш менен боё.



б). Канча нерсе болсо, ошончо чекитти биринчи турган сүйрүгө белгиле



в)Төрт бурчтуктун ичине үч тегерекчени светафордун катарындай чий жана аларды анын өңүндөй түстөр менен боё.



**г)**Төрт бурчтуктун оң жагынын жогорку бурчуна төрт кичине квадратты чий, алардын астына канча квадрат болсо, ошончо ага караганда кичинерээк үч бурчтук чий. Сол жактын төмөн жагындагы 4 үч бурчтукту кызыл калемменен боё [6.]



Мектепке чейинки математикалык билим берүүдө баланын ар кандай курактагы мейкиндикте багыт алуусун калыптандыруу жана аны өнүктүрүү маселеси эң негизги маселе болуп саналары белгилүү. Макалада адабий чыгармаларды каармандардын мейкиндиктик катыштарды сүрөттөө менен театрлаштыруу, б.а. балдар адабиятын мейкиндикеги катыштарды аныктоо көндүмүн тереңдетүү максатында колдонуу көрсөтүлдү. Ар кандай көнүгүүлөр жана дидактикалык оюндар сунушталды. Тегиздикте жана мейкиндикте багыт алуу көндүмүн тереңдетүү максатында даярдоо тайпасындагы балдар үчүн бир нече өз алдынча иштер сунушталды. Балдарга мейкиндикте багыт алууну жасалма инттеллекти колдонуп окутуу ыкмасы да иштелип чыгылды.

Теманы изилдөөдө Ош шаарынын МЧББУда тарбиячылардын ЖМТК занятиелерине катышуудан тарбиячыларды сурамжылоодон предмет боюнча окуу куралдарынын, методикалык колдонмолордун жетишсиздигин айтып келишет. Бирок, тарбиячылар өзүнүн кесибин сүйгөндүгү жана тарбиялануучулардын учурдагы алган жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү кийинки мектептеги математикалык билим алуусуна өбөлгө болорун белгилеп, аракеттенип иштеп келүүсүн айтышат.

**Адабияттар**

1. Мейкиндик, мейкиндикке багыт алуу түшүнүктөрү [электронный ресурс]-Режим доступа https://multiurok.ru/files/mektepke-cheiinki-zhashtagy-baldardyn-meikindik-el.html - Загл.с экрана
2. Мейкиндикке багыт алуу жөндөмүн калыптандыруу [электронный ресурс]-Режим доступа https://multiurok.ru/files/mektepke-cheiinki-zhashtagy-baldardyn-meikindik-el.html-Загл.

3. Цубер Е.Н., “Учебно-методический комплекс по учебной дисциплине теория и методика формирования элементарных математических представлений детей дошкольного возраста [Текст]/ – Минск, 2021. – С. 102-103.
4. Абдывасиева З. Мектепке чейинки математикалык билим берүүдө заманбап технологияларды колдонуу [Текст]/ З.Абдывасиева //Вестник Иссык – Кульского университета-2024. №56-Р.20-21.
5. Цубер Е.Н., “Учебно-методический комплекс по учебной дисциплине теория и методика формирования элементарных математических представлений детей дошкольного возраста. – Минск, 2021. – С. 104-105.
6. Абдывасиева З., / 1-2- класстар үчүн тематикалык тест тапшырмалар [Текст] // З.Абдывасиева, А.С.Мамарасулова, Э. Аркалыкова – Ош, 2019. – 8- б.

УДК 371.315

# РОЛЬ ЭМОЦИИ БЛАГОДАРНОСТИ ВО ВЗАИМООТНОШЕНИЯХ С ДЕТЬМИ

## *THE ROLE OF THE EMOTION OF GRATITUDE IN RELATIONSHIPS WITH CHILDREN*

***Бокотаева Венера Усенбековна***
*Докторант PhD*
*Кыргызский государственный университет им. И. Арабаева, г. Бишкек*
*Xangovi@mail.ru*

***Аннотация:*** *Данная статья посвящена исследованию роли эмоции благодарности в взаимоотношениях с детьми. Автор обосновывает актуальность темы, указывая на недостаточную изученность влияния благодарности на детско-родительские отношения и развитие ребенка в современном стрессовом мире. В работе рассматриваются факторы, обуславливающие важность изучения благодарности в контексте детского развития, включая ее потенциал для улучшения эмоционального состояния, развития эмпатии и социальных навыков. Автор приводит обзор существующих исследований в данной области, отмечая растущий интерес к теме среди отечественных и зарубежных ученых. Особое внимание уделяется выявлению нерешенных аспектов проблемы, таких как возрастная динамика развития благодарности, индивидуальные различия в ее восприятии, долгосрочные эффекты практик благодарности и др. Статья предлагает теоретические основы и методологию для комплексного исследования роли благодарности в детском развитии, включая применение смешанных методов и лонгитюдного подхода. Представленная работа имеет потенциал для расширения научного понимания значимости благодарности в формировании здоровых детско-родительских отношений и разработки эффективных стратегий воспитания.*

***Ключевые слова:*** *благодарность, детско-родительские отношения, эмоциональное благополучие, позитивная психология, социальные навыки, психологическое здоровье детей, межличностное общение*

**Abstract**: This article is devoted to the study of the role of the emotion of gratitude in relationships with children. The author substantiates the relevance of the topic, pointing out the insufficient study of the influence of gratitude on parent-child relationships and child development in the modern stressful world. The paper considers the factors that determine the importance of studying gratitude in the context of child development, including its potential for improving emotional state, developing empathy and social skills. The author provides an overview of existing research in this